Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2024-жылдын III чейреги үчүн

# ОТЧЁТ

## 1. Накталай акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2024-жылдын III чейрегинде 98,9 пайызды түзүп, 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,9 пайызга азайган (2023-жылдын III чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,8 пайызды түзгөн).


**1-таблица. Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы**
*(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023-ж. III чейреги | 2024-ж. III чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2024-ж. III чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2024-ж. III чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **1 147 876,4** | **1 422 395,7** | **1 150 234,0** | **1 438 021,2** | **99,8** | **98,9** |
| Бишкек ш. | 597 544,1 | 812 660,7 | 591 412,1 | 811 940,7 | 101,0 | 100,1 |
| Ош ш. | 128 929,3 | 153 111,9 | 128 722,3 | 159 049,3 | 100,2 | 96,3 |
| Чүй областы | 110 828,7 | 109 696,3 | 110 733,7 | 110 158,0 | 100,1 | 99,6 |
| Ысык-Көл областы | 61 766,4 | 66 534,1 | 63 395,0 | 67 936,8 | 97,4 | 97,9 |
| Талас областы | 23 912,8 | 25 755,4 | 25 253,6 | 27 469,0 | 94,7 | 93,8 |
| Нарын областы | 23 511,0 | 27 717,4 | 24 754,5 | 28 824,8 | 95,0 | 96,2 |
| Ош областы | 42 951,0 | 43 767,1 | 42 972,0 | 43 651,4 | 100,0 | 100,3 |
| Жалал-Абад областы | 104 943,5 | 122 042,8 | 109 451,2 | 128 019,2 | 95,9 | 95,3 |
| Баткен областы | 53 489,6 | 61 110,0 | 53 539,6 | 60 972,0 | 99,9 | 100,2 |

2024-жылдын III чейрегинде 2023-жылдын III чейрегине салыштырганда коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу төмөнкү региондордо өскөн:

- Ысык-Көл областы боюнча – 0,5 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 1,2 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,3 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,3 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




2024-жылдын III чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү: Ош областы боюнча – 100,3 пайызды жана Бишкек шаары боюнча – 100,1 пайызды түзгөн. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча – 93,8 пайыз чегинде катталган.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 1 422 395,7 млн сомду түзүү менен 2023-жылдын III чейрегине салыштырганда 23,9 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 462 275,4 млн сом, көбөйүү 17,5 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 393 280,3 млн сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 63 937,6 млн сом, көбөйүү 35,6 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 47 145,4 млн сом);

- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 296 691,2 млн сом, көбөйүү 19,8 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын III чейрегинде – 247 681,7 млн сом);


- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 53 524,6 млн сом, азаюу 3,7 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 55 584,5 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 154 031,5 млн сом, көбөйүү 54,0 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 99 992,6 млн сом);


- чет өлкө валютасын сатуудан – 180 810,6 млн сом, көбөйүү 75,0 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын III чейрегинде – 103 299,9 млн сом);

- башка булактардан келип түшүүлөр – 211 124,8 млн сом, көбөйүү 5,1 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын III чейрегинде – 200 892,0 млн сом).

**2-график. 2023-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2024-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




2024-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 1 438 021,2 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 25,0 пайызга көбөйгөн.

2024-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан нак акчалар төмөнкү негизги багыттар боюнча берилген:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 465 199,9 млн сом, көбөйүү 17,3 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 396 557,1 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 66 153,7 млн сом, көбөйүү 32,4 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 49 966,1 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 393 994,8 млн сом, көбөйүү 22,0 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 322 963,4 млн сом);

- локалдык акча которууларга төлөө – 41 865,4 млн сом, азаюу 3,7 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 43 477,5 млн сом);


- товарларга төлөө – 10 853,9 млн сом, көбөйүү 13,5 пайыз чегинде белгиленген (2023-жылдын III чейрегинде – 9 559,5 млн сом);

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 211 702,4 млн сом, көбөйүү 84,9 пайызды түзгөн (2023-жылдын III чейрегинде – 114 479,6 млн сом);


- эмгек акы төлөө – 1 746,5 млн сом, көбөйүү 52,1 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын III чейрегинде – 1 148,5 млн сом);

- башка берүү булактарына – 246 504,6 млн сом, көбөйүү 16,2 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын III чейрегинде – 212 082,3 млн сом).

**4-график. 2023-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2024-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**2. Накталай эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2024-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 98 171,4 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,8 пайызга көбөйгөн. Төлөмдөрдүн саны 2 638 599 түзүү менен 2023-жылдын III чейрегине салыштырганда 4,8 пайызга өскөн.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

ГСРРВ аркылуу төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2024-жылдын III чейрегинде 10 230 688,2 млн сомду түзгөн жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,8 эсеге жогорулаган. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 415 476 төлөм жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 50,2 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2023-ж. III чейреги | 2 770 660 | 91 048,0 | 276 687 | 3 666 232,0 | 3 047 347 | 3 757 280,0 |
| 2024-ж. III чейреги | 2 638 599 | 98 171,4 | 415 476 | 10 230 688,2 | 3 054 075 | 10 328 859,6 |

**2.3. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү көбүнчө SWIFT билдирүүлөрүн жөнөтүү каналын пайдалануу менен өткөрүлгөн.


2024-жылдын III чейрегинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 875,7 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,3 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 3 272,5 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,4 эсеге өскөн.


**2.4. Акча которуулар**

2024-жылдын III чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 63,8 млрд сом суммасында 2 393,2 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 34,9 пайызга, ал эми анын көлөмү 45 пайызга көбөйгөн.

Чыккан которуулардын саны 13,3 млрд сом жалпы суммасында 140,3 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда алардын саны 9,6 пайызга азайган, ал эми көлөмү 8,1 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча алганда 2024-жылдын III чейреги ичинде кирген которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак төмөнкүлөргө туура келген: Ош шаарына – жалпы көлөмүнүн 29,7 пайызы жана Бишкек шаарына – жалпы көлөмүнүн 28,2 пайызы, чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына (чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 70,8 пайызы) туура келген.




Коммерциялык банктардын отчетторуна таянсак, 2024-жылдын III чейрегинде Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча каражаттарын которуу эрежелеринин эл аралык акча которуу системаларынын операторлору тарабынан катышуучулардын которууларын финансылык жактан камсыз кылуу талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төмөнкү төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган:

**- АКШ долларында акча которуулар**

2024-жылдын III чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 124,5 млн АКШ доллары суммасында 184,5 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 14,2 пайызга азайып, ал эми көлөмү 9,1 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 101,7 миң транзакцияны түзүп, көлөмү 131,2 млн АКШ долларды түздү, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 29,5 жана 8,5 пайызга көбөйгөн.

**- Евро түрүндө акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 8,9 млн евро жалпы суммасында 17,3 миң кирген которуулар ишке ашырылып, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,1 жана 4,2 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 1,6 млн евро жалпы суммасында 0,4 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны өзгөргөн эмес, ал эми анын көлөмү 5,2 эсеге көбөйгөн.

**- Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 57 769,1 млн орус рубли суммасына 2 191,5 миң кирген которуу өткөрүлүп, өткөн жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 61,1 пайызга жана 42,1 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 2 336,5 млн орус рубли суммасына 37,5 миң транзакция ишке ашырылып, өткөн жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 33,9 жана 37,6 пайызга азайган.

**- Казак теңгесинде акча которуулар**

2024-жылдын III чейрегинде чыккан которуулар 139,9 млн теңге жалпы суммасына 0,7 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 27,6 жана 22,2 пайызга азайган. Казак теңгеси түрүндө кирген которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**3-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | 2023-ж. III ч. | 2024-ж. III ч. |
|---|---|---|

| | | Саны, миң бирдикте | Көлөмү, млн сом | Саны, миң бирдикте | Көлөмү, млн сом |
|---|---|---|---|---|---|
| **Western Union** | **Кирген** | 59,5 | 2 418,6 | 55,96 | 2 524,5 |
| | **Чыккан** | 8,3 | 820,0 | 13,52 | 1 295,3 |
| **Contact** | **Кирген** | 59,4 | 1 925,8 | - | - |
| | **Чыккан** | 38,6 | 2 068,5 | - | - |
| **Money Gram** | **Кирген** | 39,4 | 1 917,4 | 37,51 | 2 021,4 |
| | **Чыккан** | 2,4 | 382,4 | 1,49 | 190,3 |
| **Юнистрим** | **Кирген** | 358,3 | 10 000,8 | 271,73 | 12 044,2 |
| | **Чыккан** | 1,7 | 243,0 | 11,13 | 584,7 |
| **Золотая Корона** | **Кирген** | 442,7 | 14 524,0 | 351,59 | 15 666,8 |
| | **Чыккан** | 98,6 | 7 728,8 | 103,70 | 9 204,3 |
| **RIA** | **Кирген** | 18,8 | 848,7 | 24,23 | 1 250 |
| | **Чыккан** | 0,7 | 38,5 | 0,93 | 51,1 |
| **UPT** | **Кирген** | 12,0 | 433,4 | 13,85 | 665,4 |
| | **Чыккан** | 4,7 | 1 011,1 | 9,47 | 2 012,7 |
| **Astrasend** | **Кирген** | 783,6 | 11 875,4 | 1 623,38 | 29 155,5 |
| | **Чыккан** | 0,15 | 27,4 | 0,004 | 0,02 |
| **PLUSPAY** | **Кирген** | 0,09 | 6,8 | 0,50 | 23,7 |
| **Sendy** | **Кирген** | 0,003 | 0,0005 | - | - |
| **Квикпэй** | **Кирген** | - | - | 14,53 | 437,1 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | - | - | 0,08 | 5,1 |
| | **Чыккан** | - | - | 0,002 | 0,001 |

### 2.5. Банктык төлөм карталар рыногу

2024-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарын эмиссиялоо жана эквайринг боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк, эл аралык төлөм системасы боюнча – 16 банк сунуштаган.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 8 553,8 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 34,8 пайызга, ал эми жылдын башталышынан тартып 24,1 пайызга өскөн.

Банктык төлөм карталарын түрлөргө бөлүштүргөндө төмөнкүнү түзгөн:

**- «Элкарт» улуттук системасы — 3 584 964 (41,9%):**
- «Элкарт» — 3 582 064 (41,9%);
- «Элкарт-UPI» — 2 900 (0,0%).

**- эл аралык системалар — 4 968 818 (58,1%):**
- VISA — 4 796 975 (56,1%);
- Mastercard — 66 058 (0,8%);
- Золотая Корона — 88 265 (1,0%);
- Union Pay International — 17 520 (0,2%).

**4-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**


| Региондун аталышы | Visa | Master Card | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 3 504 620 | 42 328 | 23 940 | 1 034 227 | 14 753 | 1 247 | 4 621 115 | 54,0 |
| Чүй областы | 204 055 | 5 784 | 13 658 | 339 217 | 675 | 485 | 563 874 | 6,6 |
| Ысык-Көл областы | 163 152 | 2 228 | 5 723 | 287 218 | 889 | 7 | 459 217 | 5,4 |
| Нарын областы | 62 116 | 1 335 | 4 914 | 168 100 | 31 | 194 | 236 690 | 2,8 |
| Талас областы | 75 579 | 1 807 | 4 362 | 132 941 | 328 | 34 | 215 051 | 2,5 |
| Жалал-Абад областы | 297 790 | 4 609 | 16 042 | 608 178 | 384 | 559 | 927 562 | 10,8 |
| Ош областы | 381 895 | 6 544 | 11 595 | 694 566 | 428 | 372 | 1 095 400 | 12,8 |
| Баткен областы | 107 768 | 1 423 | 8 031 | 317 617 | 32 | 2 | 434 873 | 5,1 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жыйынтыгында** | **4 796 975** | **66 058** | **88 265** | **3 582 064** | **17 520** | **2 900** | **8 553 782** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстары топтолгон эң жогорку көрсөткүчкө ээ, демек мында төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да кыйла өнүккөн. Алсак, 2024-жылдын III чейрегинин ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш 54,0 пайызды түзүү менен Бишкек шаарына туура келген. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында катталып, ал 2,5 пайызды түзгөн.

2024-жылдын III чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүү системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 102,0 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 6,9 пайызга көбөйгөн.

**8-график. 2024-ж. 30-сентябрына карата областтар боюнча (%) жүгүртүүдөгү карталардын жалпы саны (%)**




**9-график. 2024-ж. III чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң.сом)**




**Банктык төлөм карталар эквайринги**

2024-жылдын III чейрегинин акырына карата банктык төлөм карталары, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм картасы, республиканын бүткүл аймагында орнотулган 2 449 банкоматта жана 32 349 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган.

2 449 банкоматтын ар биринде «карабай терүү» (Брайль шрифти) баскычы (5-саны томпок) бар, 288 банкоматта – аудио (үн) менен коштоо (операцияларды үн менен коштоо) функциясы каралган, 1 209 даана банкомат үчүн пандус орнотулган, 916 банкомат үчүн пандус орнотуу зарылдыгы жок. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 13,4 пайызга же 290 банкоматка көбөйгөн, ал эми 2024-жылдын башталышынан бери өсүш 8,4 пайызды же 189 бирдикти түзгөн. 32 349 POS-терминалдын ичинен 11 575 POS-терминалда «карабай терүү» (Брайль шрифти) баскычы (5-саны томпок) бар, 30 226 даана POS-терминалда – байланышсыз төлөө функциясы каралган. Өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда POS-терминалдардын саны 68,9 пайызга же 13 194 даанага көбөйгөн, ал эми 2024-жылдын башталышынан бери өсүш 40,6 пайызды же 9 340 бирдикти түзгөн. 2024-жылдын 30-сентябрына карата төлөм терминалдарынын саны 3 152 бирдикти түзөт, алардын ичинен 881 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы, 1 437 төлөм терминалында пандус каралган. Төлөм терминалдарынын саны 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 16,5 пайызга же 447 бирдикке көбөйгөн, ал эми жылдын башталышынан бери өсүш 13,6 пайызды же 377 бирдикти түзгөн.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана Mastercard эл аралык системалары – 2 429 банкомат жана 32 069 POS-терминал;
- «Золотая Корона» эл аралык системасы – 346 банкомат жана 11 542 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 1 789 банкомат жана 21 611 POS-терминал.

**5-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** (даана)

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 843 | 17 782 | 815 | 855 |
| Чүй областы | 273 | 3 165 | 258 | 295 |
| Ысык-Көл областы | 239 | 2 602 | 242 | 413 |
| Нарын областы | 94 | 626 | 156 | 165 |
| Талас областы | 94 | 832 | 108 | 165 |
| Жалал-Абад областы | 360 | 1 389 | 368 | 448 |
| Ош областы | 405 | 2 695 | 484 | 610 |
| Баткен областы | 141 | 653 | 174 | 201 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 449** | **29 744** | **2 605** | **3 152** |

**Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

2024-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча карта аркылуу жалпы 259,9 млрд сом суммасына 62,6 млн транзакция жүргүзүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 15,2 жана 25,8 пайызга көбөйгөн, ал эми 2024-жылдын башталышынан бери транзакциялардын саны 7,3 пайызга, ал эми операциялардын көлөмү 15,3 пайызга өскөн). Алардын ичинен:


- акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 193,4 млрд сом жалпы суммасында 19,2 млн транзакцияны түзгөн. Өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 19,6 пайызга азайган, ал эми операциялардын көлөмү 11,9 пайызга көбөйгөн, 2024-жылдын башталышынан бери транзакциялардын саны 18,9 пайызга төмөндөп, көлөмү 10,4 пайызга өскөн;
- соода-тейлөө ишканаларындагы POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 43,4 млн транзакцияны түзүү менен жалпы 66,5 млрд сом суммасын түзгөн. Өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 67,6 пайызга, ал эми көлөмү – 25,9 пайызга өскөн. 2024-жылдын башталышынан тартып өсүш, тиешелүүлүгүнө жараша, 25,2 жана 32,1 пайызды түзгөн.

## 2.6. QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү

2024-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча 20 банк (21 [1] банктын ичинен) жана 7 төлөм уюмдары системалар аралык интеграцияны камсыз кылууда жана QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү боюнча кызматтарды сунуштоодо.

Системалар аралык интеграциянын алкагында 2024-жылдын III чейрегинин акырына карата банктар жана төлөм уюмдары тарабынан соода-тейлөө ишканаларында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын региондорунда да 51,0 миң QR-код орнотулган.

**10-график. 2024-жылдын 1-июлуна карата QR-коддору региондук өнүктүрүү**




2024-жылдын III чейрегинде өз ара иш алып баруу операторунунун[2] системасы аркылуу 19,9 млрд сом суммасына 17 304 026

[1] Бир банк («ЭкоИсламикБанк» ЖАК) «ЭЛКАРТ» төлөм системасынын мүчөсү болуп саналбайт.

[2] Өз ара иш алып баруу оператору - ошол процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү (процессинг, клиринг) сунуштоого

төлөм өткөрүлүп, 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 24,8 жана 21,7 эсеге өскөн, алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн - 817,45 млн сом суммасына 244 010 төлөм, 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 66,8 жана 31,3 эсеге өскөн.

**6-таблица. 2024-жылдын III чейреги ичинде өз ара иш алып баруу операторунун системасы аркылуу жүргүзүлгөн операциялар**

| Көрсөткүчтөр | 2023-ж. III чейреги | 2024-ж. III чейреги |
|---|---|---|
| Саны | 796 809 | 17 304 026 |
| Көлөмү, млн сом | 800,94 млн сом | 19,9 млрд сом |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн саны | 7 788 | 244 010 |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн көлөмү, млн сом | 12,24 млн сом | 817,45 млн сом |

2024-жылдын III чейрегинде банктар, төлөм уюмдары аркылуу төмөнкү операциялар ишке ашырылган:

**7-таблица. QR-коддорду колдонуу менен которуулар**

| Катышуучунун категориясы | Которуулар | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өз системасында | | | | Системалар аралык | | | | | | | |
| | 2023-ж. III | | 2024-ж. III чейреги | | 2023-ж. III чейреги | | | | 2024-ж. III чейреги | | | |
| | | | | | Кирген | | Чыккан | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом |
| Коммерциялык банктар | 842 929 | 747 438 004 | 9 721 895 | 1 544 787 829 | 45 622 | 156 405 143 | 57 376 | 220 705 022 | 6 744 222 | 11 081 333 492 | 12 158 152 | 15 148 347 949 |
| Төлөм системасынын операторлору/ төлөм уюмдары | 52 | 6528 | 398 | 786 312 | 50 | 7 893 | 46 543 | 23 967 954 | 551 560 | 278 410 771 | 2 284 152 | 662 392 742 |
| Жыйынтыгында | 842 981 | 747 444 532 | 9 722 293 | 1 545 574 142 | 45 672 | 156 413 036 | 103 919 | 244 672 976 | 7 295 782 | 11 359 744 263 | 14 442 304 | 15 810 740 692 |

**8-таблица. QR-коддорду колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө**

| Катышуучунун категориясы | Товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өз соода-тейлөө ишканаларынын пайдасына | | | | Алардын ичинен бюджетке төлөмдөр | | | | Системалар аралык | | | | | | | |
| | 2023-ж. III чейреги | | 2024-ж. III чейреги | | 2023-ж. III чейреги | | 2024-ж. III чейреги | | 2023-ж. III чейреги | | | | 2024-ж. III чейреги | | | |
| | | | | | | | | | Кирген | | Чыккан | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом |
| Коммерциялык банктар | 32 198 | 49 611 402 | 178 767 | 242 475 846 | 7 756 | 12 188 385 | 222 660 | 840 782 983 | 178 910 | 264 693 083 | 616 793 | 457 612 461 | 1 774 082 | 1 785 087 358 | 869 868 | 815 145 533 |
| Төлөм системасынын операторлору/ төлөм уюмдары | 569 051 | 428 366 016 | 1 428 172 | 1 749 092 401 | 0 | 0 | 31 | 107 570 | 547 986 | 340 795 568 | 29 040 | 24 375 566 | 7 834 816 | 4 712 250 443 | 692 189 | 608 733 949 |
| Жыйынтыгында | 601 249 | 477 977 418 | 1 606 939 | 1 991 568 247 | 7 756 | 12 188 385 | 222 691 | 840 890 553 | 726 896 | 605 488 651 | 645 833 | 481 988 027 | 9 608 898 | 6 497 337 801 | 1 562 057 | 1 423 879 482 |

## 2.7. Электрондук акча


2024-жылдын III чейрегинин акырына карата беш коммерциялык банк электрондук акча эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча тогуз локалдык система иштеген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - Улуттук банк) лицензиясына ээ, төлөм системасынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн клиринг файлдарынын түзүлүшүн камсыз кылган төлөм системасынын оператору.


Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөр өскөндүгү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу менен байланыштуу. Алсак, идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 3,4 млн капчыкты түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 44,4 пайызга жогору катталган.

2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- 6,1 млн операцияны түзүү менен которуулардын саны 2 эсе өскөн, ал эми операциялардын көлөмү 47,6 пайызга жогорулап, 9,7 млрд сомду түзгөн;
- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын саны 0,9 млн операцияны түзүү менен 18,9 пайызга көбөйгөн, ал эми операциялардын көлөмү 99,6 пайызга көбөйүп, 8,2 млрд сомду түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 51,1 пайызга көбөйүп, 11,5 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 2 эсеге көбөйүп, 13,0 млн операция чегинде катталган;
- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны жайылтуу боюнча операциялардын саны 2 эсеге көбөйүп, 6,3 млн операция чегинде катталган, мында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 66,8 пайызга көбөйүп, 14,4 млрд сомду түзгөн.



**11-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**



**12-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**

2023-жыл жана 2024-жыл үчүн салыштырма маалымат төмөндө келтирилген:

**9-таблица. Капчыктардын саны боюнча салыштырма маалымат**

| **Электрондук капчыктардын саны (млн)** | **2023-ж. I чейреги** | **2023-ж. II чейреги** | **2023-ж. III чейрегинин акырына карата** | **2024-ж. I чейреги** | **2024-ж. II чейреги** | **2024-ж. III чейрегинин акырына карата** | **2023-жылдын I-III чейректери менен 2024-жылдын I-III чейректери ортосунда салыштырмалуу өсүш, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Идентификацияланган электрондук капчыктар** | 2,1 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,6%) | 2,2 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,8%) | 2,3 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 38,1%) | 2,7 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 40,6%) | 2,7 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 38,9%) | 3,4 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 42,7%) | 44,4% |

**10-таблица. Электрондук капчыктарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча салыштырма маалымат**

| Операциянын аталышы | | 2023-ж. III чейреги | 2023-ж. I-III чейректери | 2024-ж. I чейреги | 2024-ж. II чейреги | 2024-ж. III чейреги | 2024-ж. I-III чейректери | 2023-жылдын I-III чейректери менен 2024-жылдын I-III чейректери ортосунда салыштырмалуу өсүш, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Которуулар** | саны (млн) | 2,7 | 6,9 | 4,2 | 5,4 | 6,1 | 15,7 | 128,3% |
| | көлөмү (млрд) | 6,6 | 18,4 | 7,7 | 8,8 | 9,7 | 26,2 | 42,7% |
| **Электрондук акчанын ордун жабуу** | саны (млн) | 0,8 | 2,6 | 1,1 | 1,2 | 0,9 | 3,2 | 22,2% |
| | көлөмү (млрд) | 4,1 | 12,7 | 5,7 | 5,8 | 8,2 | 19,7 | 55,4% |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө** | саны (млн) | 5,2 | 14,0 | 8,2 | 11,4 | 13,0 | 32,6 | 132,7% |
| | көлөмү (млрд) | 7,6 | 20,5 | 8,4 | 9,8 | 11,5 | 29,7 | 44,9% |
| **Электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны жайылтуу** | саны (млн) | 3,1 | 8,3 | 4,5 | 5,5 | 6,3 | 16,3 | 96,7% |
| | көлөмү (млрд) | 8,6 | 24,5 | 10,2 | 12,3 | 14,4 | 36,9 | 50,4% |

### 2.8. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2024-жылдын 30-сентябрына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан 40 юридикалык жак төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 41 юридикалык жак төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензия алышкан.

2024-жылдын III чейрегинде төлөм уюмдары аркылуу жалпы 174,2 млрд сом суммасына 78,6 млн транзакция өткөрүлгөн. 2023-жылдын III чейрегине салыштырмалуу төлөмдөрдүн жалпы саны 21,3 млн транзакцияга, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 73,6 млрд сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде төлөмдөрдүн олуттуу бөлүгү финансы-кредит уюмдарынын кызматтары үчүн төлөмдөргө туура келген (электрондук капчыктарды толуктоону кошпогондо) – бул жалпы 124,6 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 71,5 пайызы) 23,6 млн операция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 30 пайызы), алардын ичинен:

- банк эсебин толуктоо боюнча 106,8 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 61,3 пайызы) 15,8 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 20,2 пайызы) өткөрүлгөн;
- финансы-кредит уюмдарынын кредиттери үчүн төлөөнүн эсебинен төлөмдөр – 6,4 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,7 пайызы) 1,3 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 1,6 пайызы) өткөрүлгөн;
- башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдасына – 11,4 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 6,6 пайызы) 6,5 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 8,2 пайызы) өткөрүлгөн.


Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү 6,0 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,5 пайызы) 16,5 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 21 пайызы).

Мамлекеттик жана коммуналдык товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр) 3,5 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 2 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 5,2 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,6 пайызы) түзгөн.


Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 13,2 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 7,6 пайызы), транзакциялардын саны 7,4 млн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 9,4 пайызы) түзгөн.

**11-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | **Төлөмдүн түрү** | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 16 541 407 | 6 041 294,11 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 24 997 | 8 228,81 |
| 3 | Интернет | 775 914 | 718 098,22 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 4 782 631 | 3 127 833,74 |
| 5 | Салык жыйымдары | 35 035 | 42 036,11 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 79 573 | 87 411,27 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 271 926 | 271 071,88 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 15 848 468 | 106 768 104,94 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 1 282 011 | 6 409 020,72 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 6 472 733 | 11 427 145,04 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 7 362 426 | 13 212 745,70 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 169 804 | 339 476,64 |
| 13 | Социалдык тармактар | 2 107 772 | 950 099,91 |
| 14 | Интернет оюндары | 72 228 | 62 908,73 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 693 | 1 348,24 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 5 826 225 | 1 149 982,91 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 38 735 | 18 980,97 |
| 18 | Кулактандыруулар | 9 047 | 6 392,50 |
| 19 | Кайрымдуулук | 2 646 | 1 290,01 |
| 20 | Билим берүү | 97 070 | 374 696,04 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 28 324 | 143 155,46 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 16 792 481 | 22 997 329,11 |
| **Жыйынтыгында, 2024-жылдын III чейреги ичинде** | | **78 622 146** | **174 158 651,07** |



13-график. Төлөмдөрдүн саны, %



14-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %

Төлөм уюмдары тарабынан 2023-2024-жылдардын III чейректери жана 2023-2024-жылдардын 9 айы ичинде жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн санынын жана көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясы ушул отчетко карата 1 жана 2-тиркемелерде келтирилген.

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2024-жылдын III чейрегинин аягына карата төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,32 эсеге көбөйүп, 16 658 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар буга чейин салынган авансты к акча каражаттарын/алдын ала төлөм каражаттарын же алардын бөлүгүн өз кардарларына (абоненттерине) кайтаруусунун эсебинен төлөм уюмдары алар аркылуу төлөмдөрдү кабыл алган жана өткөргөн агенттердин мобилдик тиркемелерин колдонуучуларды идентификациялоо жана верификациялоо саны отчеттук мезгилдин акырына карата 2 795 668 колдонуучуну түзгөн (бул 2023-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,59 эсеге жогору).

### 2.9. Банктык чекене агенттер

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттерди төлөө, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан накталай акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2024-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүнү түзгөн:

- 95 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 46 агентке же 32,6 пайызга азайган;
- 3 424 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 175 агентке же 5,4 пайызга көбөйгөн.

**3. Методологиялык иш**

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн андан ары көбөйтүү, калк үчүн банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 23-октябрындагы № 2024-П-4/55-1-(ПС) «Банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому кабыл алынды.

Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган уюмдардын банк жана төлөм системаларынын туруктуулугуна таасирин тийгизиши мүмкүн болгон тобокелдиктерге тартылышына жол бербөө, ошондой эле мыйзам талаптарын аткарбоо үчүн ар кандай схемаларды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн азайтуу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 4-сентябрында «Экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу жана финансылык туруктуулукту колдоо жөнүндө» токтом кабыл алынган.

Төмөнкү токтомдор коомдук талкууга сунушталган:

- Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору;
- улуттук төлөм системасынын ишинин натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун жогорулатуу, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун катышуучуларынын финансылык туруктуулугун жогорулатуу, ошондой эле төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун лицензиялоо тартибин өркүндөтүү максатында иштелип чыккан Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө жана «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системасынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору;
- төлөм уюмдары электрондук акчаларды чыгаруусу боюнча «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору.

1-тиркеме. 2024-жылдын жана 2023-жылдын 9 айы ичинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2024-ж. 9 айы | | 2023-ж. 9 айы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 53 037 730 | 19 070 553,64 | 82 738 459 | 32 116 372,10 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 80 627 | 25 971,81 | 86 189 | 26 194,27 |
| 3 | Интернет | 2 322 041 | 2 095 483,53 | 2 008 156 | 1 758 133,96 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 14 575 757 | 12 209 467,41 | 10 092 424 | 7 825 459,13 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 53 652 | 82 788,67 | 67 465 | 95 976,10 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 405 071 | 444 243,07 | 521 247 | 603 844,10 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 679 125 | 620 793,00 | 400 319 | 385 746,52 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 42 608 388 | 247 878 948,77 | 17 331 862 | 74 644 191,07 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 3 971 133 | 19 224 248,89 | 2 494 826 | 11 512 738,80 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 19 356 893 | 39 395 721,42 | 20 859 716 | 85 755 820,60 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 20 111 634 | 35 475 432,54 | 10 467 681 | 23 338 128,40 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 722 455 | 1 294 892,76 | 587 514 | 1 015 174,51 |
| 13 | Социалдык тармактар | 4 217 974 | 1 924 703,23 | 549 846 | 237 858,00 |
| 14 | Интернет оюндары | 121 778 | 92 639,24 | 56 023 | 27 099,13 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 106 720 | 265 878,92 | 5 081 | 9 506,53 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 16 973 332 | 3 025 219,36 | 11 186 538 | 1 821 969,41 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 186 260 | 86 285,92 | 266 113 | 122 587,18 |
| 18 | Кулактандыруулар | 46 973 | 35 913,87 | 110 751 | 66 800,39 |
| 19 | Кайрымдуулук | 7 667 | 3 364,42 | 7 081 | 2 727,88 |
| 20 | Билим берүү | 340 716 | 1 203 851,57 | 225 393 | 641 664,61 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 58 339 | 199 635,99 | 31 061 | 111 224,17 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 36 735 596 | 40 481 633,67 | 11 171 105 | 17 319 788,32 |
| **Жыйынтыгында** | | **216 719 861** | **425 137 671,71** | **171 264 850** | **259 439 005,19** |

2-тиркеме. 2023-жылдын жана 2024-жылдын III чейрегинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2024-ж. III чейреги | | 2023-ж. III чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 16 541 407 | 6 041 294,11 | 23 465 153 | 8 999 310,43 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 24 997 | 8 228,81 | 28 296 | 8 653,08 |
| 3 | Интернет | 775 914 | 718 098,22 | 661 521 | 577 427,99 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 4 782 631 | 3 127 833,74 | 3 562 241 | 2 046 018,40 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 35 035 | 42 036,11 | 48 298 | 56 789,71 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 79 573 | 87 411,27 | 194 173 | 252 713,53 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 271 926 | 271 071,88 | 164 867 | 168 072,57 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 15 848 468 | 106 768 104,94 | 7 192 714 | 32 494 254,33 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 1 282 011 | 6 409 020,72 | 918 941 | 4 424 867,75 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 6 472 733 | 11 427 145,04 | 8 211 681 | 35 196 376,85 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 7 362 426 | 13 212 745,70 | 4 013 136 | 8 875 216,23 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 169 804 | 339 476,64 | 222 342 | 376 165,66 |
| 13 | Социалдык тармактар | 2 107 772 | 950 099,91 | 297 919 | 124 960,54 |
| 14 | Интернет оюндары | 72 228 | 62 908,73 | 22 914 | 11 890,87 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 693 | 1 348,24 | 1 155 | 2 474,42 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 5 826 225 | 1 149 982,91 | 3 977 409 | 715 634,06 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 38 735 | 18 980,97 | 94 418 | 44 362,08 |
| 18 | Кулактандыруулар | 9 047 | 6 392,50 | 35 866 | 21 507,58 |
| 19 | Кайрымдуулук | 2 646 | 1 290,01 | 1 918 | 598,40 |
| 20 | Билим берүү | 97 070 | 374 696,04 | 84 517 | 217 730,48 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 28 324 | 143 155,46 | 16 139 | 42 314,00 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 16 792 481 | 22 997 329,11 | 4 076 460 | 5 951 453,40 |
| **Жыйынтыгында** | | **78 622 146** | **174 158 651,07** | **57 292 078** | **100 608 792,35** |